“БЕКИТЕМИН”
Аламудун РИИБнун башчысы
милициянын подполковниги
__________________ Р.А.Бектембаев
“__15__”___11_____ 2017 жыл

## Аламудун РИИБнун жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын тескөөчүлорунун ФУНКЦИОНАЛДЫК МИЛДЕТТЕРИ:

Жаш өспүрүмдөрдүн арасындагы укук бузууларды алдын алуу, аларды өз убагында табуу жана эскертүү, жаш өспүрүмдөрдүн кылмыштарын ачуу Кыргыз Республикасынын ички игштер органдарынын активдүү жана максаттуу багытталган ишмердигин талап кылат.

Жаш оспурумдор менен иштоо инспекциясы озунун ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, конституциялык мыйзамдарын,Кыргыз Республикасынын “Балдар жонундогу” кодексин, Кыргыз Республикасынын “Ички иштер органдары жонундогу”, “Кыргыз Республикасындагы укук бузууларды алдын алуу жонундогу” мыйзамдарын, Кыргшыз Республикасынын Президентинин жарлыктары менен буйруктарын, Кыргыз Республикасынын ИИМнин буйруктарын жана жаш оспурумдордун укуктарын, эркиндигин, кызыкчылыктарын коргоого тиешелуу болгон ар кандай ченемдик укуктук актыларды жетекчиликке алат.

Жаш оспурумдор менен иштоо инспекциясынын негизги милдеттери:

- Жаш оспурумдордун укугун, эркиндигин, омурун жана ден-соолугун коргоо;
- Жаш оспурумдордун коопсуздугун камсыздоо;
- Жаш оспурумдордун укук бузууларын жана кылмыштарын алдын алуу.

Райондук органдардын ЖӨИИ өзүнүн иши зоналык принцип боюнча түзөт. Жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын тескөөчүсү, ага тескөөчүсү тейлей турган аймактын чегин жана көлөмүн райондук ички иштер органдарынын башчысы аныктап, белгиленген ченемдеги штаттык бирдигине каралгандай, ЖӨИИнин тескөөчүлөрүнүн санынын, ыкчам кырдаалдын абалын эске алуу менен буйрукта бекитилет, бул учурда ЖӨИИ тейлеген **аймакта жашаган 18 жашка чейинки калктын саны айыл жергесинде 3 миңден ашпашы керек.**

ЖӨИИнин тескөөчүлөрү тейлөө аймактарын кабыл алгандан тартып, аларга жүктөлгөн милдеттердин аткарылышына жооп берет.Тейлөө аймагын кабыл алуу же өткөрүп берүү жөнүндө 2 нускада акт түзүлөт.

ЖӨИИнин тескөөчүлөрү тейлеген аймагынын ыкчам кырдаалын дайыма талдоого жана төмөнкүлөрдү билүүгө милдеттүү:

- Тейлеген аймакта жашаган 18 жашка чейинки калктын санын жана курамын, билим берүү мекемелердин, жатаканалардын, маданий-агартуучу, спорттук жана башка мекемелердин жайгашышын, аймактын өзгөчөлүктөрүн.

- Жаш өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуу жана кылмыштык укук бузуулар көп болгон жерлерди, себебин жана шартын, аны жасоо шарттары жөнүндөгү статистикалык маалыматтарды.

- Жаш өспүрүм укук бузуучулардын байланышы жана жашоосун, о.э. ата-энесинин балдарга терс таасирин тийгизүүсү тууралуу маалыматты калктын ЖӨИИге тапшыруусун, аймактын, кызыккан мамлекеттик органдары, уюмдары, билим берүү мекемелерин, коомдук бирикмелерди жана диний уюмдарды о.э. массалык маалымат каражаттарында өзүнө камтылган маалыматтарды.

- ЖӨИИнин тескөөчүлөрү милициялар үчүн бекитилген кийим түрү, табелдик курал, жана экипировка менен кызмат өтөшөт.
- Тейлөө аймагындагы ыкчам кырдаалдын абалынан тышкары, күн тартиби, иштөө убактысы жана жарандарды кабыл алуусу аймактык ички иштер органдарынын башчысы тарабынан аныкталат.

- Аймактык ички иштер органдарынын башчысы бекиткен талдоого негизделген жана ыкчам кырдаал иш чараларынын объективдүү баасы каралган айлык план боюнча алдын алуу иштерин ЖӨИИнин тескөөчүлөрү өткөрөт.
- Жаш өспүрүмдөрдүн укук бузууга жана кылмыш жасоого шыктуулугун табуу боюнча.
- Жаш өспүрүмдөрдүн ата-энесинен багуусуз калгандарды жана жашы жетпегендерди ата-энеси тиешелүү түрдө тарбияны жана багууну камсыз кылбагандарды табуу боюнча.

- Жаш өспүрүм укук бузуучулар о.э. ата-энелери жана мыйзамдуу өкүлдөрү менен жеке алдын алуу иштерин уюштуруу боюнча, жаш өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуу жана кылмыштуулукту эскертүү максатында колдонуу, иштеп жаткан мыйзам ченемдүүлүгүндө.
- укук бузуу жана кылмыш кылууга жөндөмдүүлүгүн, себебин жана шартын жок кылуу, табуу боюнча.

- Жаш өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугун ачуу жана табуу боюнча.
- ЖӨИИнин ар бир тескөөчүсүнүн ишинин жыйынтыгы ай сайын ЖӨИИ башчысы тарабынан каралат, а.э. кварталдын жыйынтыгы ИИОнун орунбасары тарабынан каралат.
- Жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын тескөөчүлөрү № 8, №9- тиркеменин ичинде көрсөтүлгөн документтерин чогултушат жана иш алып барышат.

**Аламүдүн РИИБнүн ЖӨИИ-**
**ага тескечусуу**
**милициянын капитаны** **М. Утегенов**